DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Көкөева А.М., Айдаркулова З.А.*

# ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН АРАСЫНДАГЫ КЫЛМЫШТУУЛУКТУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Кокоева А.М., Айдаркулова З.А.*

# ПРОБЛЕМЫ ПРЕСТУПНОСТИ СРЕДИ НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНИХ

*A. Kokoeva, Z. Aidarkulova*

# THE PROBLEMS OF CRIME AMONG MINORS

*УДК: 34.343*

*Макалада автор тиешелүү укуктук-ченемдик актыларга, илимпоздордун эмгектерине жана эмпирикалык базага таянып, жашы жете электердин арасында кылмыштуулуктун себептери жана аны алдын алуу менен азыркы мезгилде жашы жете электерде кылмыштуулук барган сайын, улам кооптуу жана коркунучтуу нукка өтө баштаганы педагогторду, жаштар маселелери менен алектенген адистерди, укук коргоо органдарын, ата-энелерди тынчсыздандырып катуу ойго салууда. Жаштар турмуштун чоң жолуна кадам таштабай жатып, өздөрүн коомдо татыктуу орун табуу мүмкүнчүлүгүнүн ажыратууга кириптер болушууда. Жашы жете электердин арасындагы кылмыштуулуктун мүнөздөмөсү жаштар арасында криминалдык ишмердүүлүктүн, диний экстремизмдин активдешүүсү байкалууда. Зордук-зомбулук зөөкүрлүк жана мыкаачылык жашы жете электердин арасындагы кылмыштуулуктун мүнөздүү чегине айланып бара жатканы коомчулукту ойлонтпой койбойт. Кыргызстандагы жашы жете электердин арасында кылмыштуулуктун кээ бир көйгөйлөрү менен алардын эл аралык тажрыйбада чечүү жолдоруна токтолгон.*

***Негизги сөздөр:*** *жашы жете электер, мыйзам, өспүрүм, укук бузуу, кылмыштуулук, психолог.*

*В статье автор, опираясь на соответствующие нормативно-правовые акты, труды ученых и эмпирическую базу, глубоко обеспокоен педагогами, специалистами, занимающимися вопросами молодежи, правоохранительными органами, родителями, причинами и предупреждением преступности среди несовершеннолетних и тем, что в настоящее время преступность среди несовершеннолетних становится все более опасной и опасной. Молодые люди, не ступая на жизненный путь, оказываются лишенными возможности занять достойное место в обществе. Характерной чертой преступности среди несовершеннолетних является активизация криминальной деятельности, религиозного экстремизма среди молодежи. Общественность не перестает удивляться тому, что насилие становится характерной чертой преступности среди несовершеннолетних-жестокость и жестокость.*

***Ключевые слова:*** *несовершеннолетние, закон, подросток, правонарушение, преступность, психолог.*

*The author, based on the relevant regulations, the work of scientists and the empirical framework, identifies the causes and prevention of juvenile delinquency, which is becoming more and more dangerous and dangerous for juvenile delinquents. It worries the authorities and the parents. Young people are deprived of the opportunity to find a decent place in society without taking the big steps in life. The nature of juvenile delinquency is characterized by an increase in criminal activity and religious extremism among young people. Violence and atrocities are characteristic of juvenile delinquency. The public is concerned about the move. Some of the problems of juvenile delinquency in Kyrgyzstan and their solutions in international practice are discussed.*

***Key words:*** *juveniles, adolescents, in conflict with the law, psychologist.*

Кыргызстанда эл аралык стандарттарга ылайык ювеналдык юстицияда чоң өзгөрүүлөр жүрүп өлкөбүз БУУнун мүчөсү, ОБСЕнин катышуучу-мамлекети, ошондой эле балдардын укуктары жөнүндөгү Конвенциянын катышуучусу. Бирок кийин, 2005-ж. жана 2010-ж. өлкөбүздүн президенттери массалык демонстрациялардын натыйжасында отставкага кетишкен. Ошондогу элдин толкундоолорунда жүздөгөн жарандар көз жумушкан. Көз карандысыздык алгандан бери Кыргызстандагы жашы жете электер катышкан кылмыштардын саны азайган. Мисалы, 1991-ж. КРда 15430 кылмыш жашы жете электердин арасында катталган. 2013-ж. мамлекетибизде 14932 кылмыш катталган. Бирок кылмыштардын саны 1991-ж. караганда 1573, 2002-ж. 1719 чейин, ал эми 2001-ж. - 1008 болсо, 2002-ж. - 1954 чейин өскөн Демек көтөрүлүп жаткан теманын актуалдуулугу шексиз. Макаланын максаты – Кыргызстандагы жашы жете электердин арасындагы кылмыштуулуктун кээ бир көйгөйлөрүнө жалпы сереп жүргүзүү, аларды чечүү боюнча эл аралык тажрыйбаны иликтөө.

Ошондуктан автор тиешелүү укуктук-ченемдик актыларга, ата мекендик - К.Ш. Курмановдун, А.М. Джоробекованын, К.М. Осмоналиевдин, Б.Б. Ногойбаевдин, Б.И. Исмаиловдун; чет өлкөлүк – А.В. Заряевдин, В.Д. Мальковдун, В.Н. Додоновдун, Д.О. Доннеллдин, Д. Оливердин, К. Акинстин ж.б. илимпоздордун, эксперттердин эмгектерине; Кыргызстандын Улуттук Статистикалык комитетинин, эл аралык уюмдардын маалыматтарына, мезгилдүү басылмаларына жана отчетторуна таянды. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык эч бир жаран дискриминацияланбайт, анын ичинде жаш курагы боюнча да Кыргыз Республикасында жаштар кылмыштуулук, зомбулук жана агрессия тууралуу «өзүлөрүнүн коопсуздугунан баштап… криминалдык дүйнөгө аралашууну каалагандыктарына чейинки» бир катар ар кандай сезимдерге ээ, айрым учурларда мындай аралашуу коопсуздуктун кепилдиги жана күч органдарынын төмөн мүмкүнчүлүктөрүнүн алкагында аброй алып келгендей кабыл алгандыгын айтышкан». 2010-ж. жаштардын муктаждыктарын баалоо боюнча кичине масштабдагы

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



изилдөөдө жаштардын көпчүлүгү «кылмыштуу топтор жана бандалар Кыргыз Республикасында, өзгөчө жаштар үчүн кыйратуучу күч болгондугун», бирок кээ бир жаштар аны «жарандык коомдун же мамлекеттик сектордун жетекчилиги жетпей калган боштукту» толтургандыгын үчүн мактап, «бүтүндөй коомчулукка криминал тарабынан сунуш кылынган коргоочулук жана колдоо тууралуу сүйлөшкөн» 2011-ж. январь-октябрь айлары боюнча жасалган расмий статистика ошол убакта жаңы катталган мыйзам бузгандардын дээрлик жарымы, 30 жаштан төмөндөгүлөр жана 8,4% эрезеге жете элек өспүрүмдөр экендигин көрсөткөн 14 жаштан 29 жашка чейинки жаштар тарабынан жасалган кылмыштардын көпчүлүк тобун уурулук, тоноочулук тартипсиз жүрүм-турум түзөт.

Алардын негизги себептери эксперттер жакырчылык, боштук жана жумушсуздук болушу мүмкүн деп белгилешүүдө. Мыйзамсыз жүрүм-турумдардын элементтери эң жаш курактагылардын топторуна да сүңгүп кирүүдө. Ички иштер министрлигинин билдирүүсүнө таянсак, ар жыл сайын эки миңге жакын мектеп окуучулары ар кандай криминалдык иштерге тартылышат. Расмий статистика жаштар арасындагы кылмыштуулуктун деңгээли 2011-ж. биринчи 10 айында былтыркы жылга салыштырмалуу 14-17-жаштагылардын арасында 26,5% өскөндүгүн көрсөтөт. Терең изилдөөнү талап кылган кылмыштуулукка байланышкан дагы бир тема – бул «Кыргызстандагы жаштар арасындагы сойкулук». 2004-ж. 4000ден ашык аял, алардын көбү 16 жашка чейинки жаш кыздар, адам сатуучулары тарабынан сатылып кеткен, же сойкулукка аралашкан деп айтылат. Мындай мыйзам бузган жашы жете электер үчүн кандай психологиялык, социалдык абал түзүлөт? Ар бир бала үчүн мыйзам менен конфликтте болуу өтө оор, анын келечегине да бул нерсе кесепеттерин тийгизиши мүмкүн.

Эксперттердин баасында, Борбордук Азиядагы мыйзам менен конфликтте болгон балдар коомдо айрыкча обочолонушот. Көп учурларда мындай балдар мыйзамга каршы иш-аракеттерге баргандыгы эки тараптан аларды алсыратат. Мындай иш аракеттерди жасоонун эки себеби бар: биринчиси, жакырчылык (Борбордук Азияда Кыргызстан да, Тажикстан да, - басымдуу деңгээлде айыл чарбадан көз каранды болгон, киришеси төмөн аянты боюнча чоң эмес тоолуу мамлекеттер. 2010-ж. Кыргызстандын 33,7% калкы жакыр жашаган) жана социалдык обочолонуу; экинчиден, ювеналдык тутумдун начардыгынан, андай балдар соттун чечимин күтүп жатып, узак мөөнөткө колго түшүрүлүп, корс мамиле жана кыйноолорго да дуушар болушат. Бул жагдайды, албетте, оңдоо керек. Кандай жол менен бул нерсени өзгөртүү мүмкүн?

Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, балдардын кызыкчылыктары укук тутумунда башынан эле алардын укуктарынын сакталышына кепилдик берген, балдар жасаган кадамдарын түшүнгөндөрүн эске алган терең реформалар зарыл. Сот тутуму андай балдарга көмөк көрсөтүп, кийин алар коомдо позитивдүү ролду аткаргандай болоруна шарт түзүшү керек. Мамлекеттеги мыйзамдын эң жогору тургандыгын, адам укуктарынын эффективдүү корголушун эске алуу зарыл. Маселен, чет өлкөлүк практикага ылайык, өлкөбүздө кылмыштуулукту алдын алатурган концепция, программа иштелген эмес, абактан чыккан жашы жете электердин коомго реинтеграциялоонун жолдору терең каралган жок. Убактылуу кармоочу жайларда шарттар начар, талапка жооп бербейт, кармалуучулардын абалы тууралуу мониторинг жана отчет алуу механизмдерди жакшы эмес. Жаңы институттар толук кандуу иштеши керек: маселен, жашы жете электердин соттору, жаш балдардын катышуусу менен жасалган кылмыштардын бетин ачууга адистештирилген милиция бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгү. Ювеналдык юстиция башка – билим берүү, социалдык камсыздоо тутумдары менен биргеликте иш алап барышы керек. Башкача айтканда, Кыргызстандагы ювеналдык юстицияны реформалоо - узак, татаал, комплекстүү жараян. Жашы жете элек балдардын катышуусу менен кылмыштардын бетин ачууда, убактылуу кармалган балдарды колго түшүрүүлөрүнүн себептерин аныктоо, мыйзамсыз эркиндигинен ажыратуу көйгөйдү көзөмөлгө алуу аракеттери жасалууда, бирок алар күчтүү саясий, материалдык жана техникалык жактан күчтөндүрүүгө муктаж.

Сотко чейинки алдын алуу колго түшүрүүнү азыраак колдонуп, эл аралык тажрыйбада - андай бала ата-эненин көзөмөлүнө калтыруу жолу аз пайдаланылат. Сотко чейин балдардын ишин кароодо максималдуу түрдө аларды милиция тарабынан тергөө изолятордо корс мамилеге, коркутууга калтырбоо зарыл. Өлкөбүздө кылмыштуулукту алдына ала саясаты, программалар приоритеттүү болуулары шарт. Азыркы учурда превентивдүү чаралар негизинен «асоциалдык» балдарга милиция тарабынан көзөмөл жүргүзүү же андай балдарды атайын мектептерге жайгаштыруу менен чектелет. Эксперттердин пикиринде, эң оор турмуштук кырдаалда калган балдардын мыйзам менен конфликттерин алдын алууда социалдык иштин ролун таануу үчүн, адистердин социалдык же ведомстволор аралык жардамдын көрсөтүүсүн маанилүүлүгүн баалоо үчүн саясий, материалдык жана техникалык жардам керек. Мисалы, профессор Б.Б. Ногойбаевдин маалыматында, КРда 165 жашы жете электер түзсө, алардын иши боюнча инспекторлордун саны богону - 426 барабар, башкача айтканда 1 инспекторго 5.000 бала туура келет экен.Адистер ювеналдык тутумда өзгө-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



рүүлөрдүн башталышын укуктун бардык нерседен жогору коюлушу жана күн тартибинде балдардын укугу каралгандыгы менен байланыштырышат.

Демек, ювеналдык юстиция кылмышта жабыркаган же күбө болгон жашы жете элек балдардын, башкача айтканда сотко катышкан бардык жаш балдардын укуктарын коргошу зарыл. Эми кайрадан статистикалык көрсөткүчтөргө кайрылсак. 1990-ж. Кыргыз ССРде 32061 кылмыш катталса, 1991-ж. эгемендүү Кыргызстанда - 43944 (же кылмыштуулук 37% өскөн). Ал эми 2002-ж. 1954 кылмыш катталса, 2009-ж. - 846 чейин түшкөн, б.а. 57% кылмыштуулуктун деңгээли азайган. Кээ бир булактарга таянсак, 1991-2009-жж. Борбордук Азияда жашы жете электердин арасында кылмыштуулук төмөндөгүдөй кыскарган: Казакстанда - 46%; Кыргызстанда – 57%; Тажикстанда – 73%; Түркмөнстанда - 91% жана Өзбекстанда –53% Кылмышка шектүү балдардын үлүшүн талдоо (14-15 жана 16-17 жаштагылар) [10;67] № жылдар баары 14-15 жаштагылар 16-17 жаштагылар саны % саны 1%. Демек, таблицадан көрүнүп тургандай, 2003- 2013-жж. 16-17 жаштагылардын үлүшү абсолюттук жана салыштырмалуу көрсөткүчтөр боюнча көбөйгөн. Бул мезгилде, тактап айтканда, 2012-ж. КР ИИМдин маалыматтары боюнча, жашы жете электер төмөнкүдөй кылмыштардын түрүнө барышкан: адам уурдоо - 1%; денеге жаракат келтирүү - 3%; адам өлтүрүү - 1%; ЖТК (ДТП) - 4%; хулиганчылык - 10%; башка кылмыштар - 6% түздү. Бул көрсөткүчтөр 2013-ж. төмөнкүдөй: адам уурдо - 1%; денеге жаракат келтирүү - 5%; адам өлтүрүү - 1%; ЖТК (ДТП) - 3%; хулиганчылык - 14%; башка кылмыштар - 5%.

Демек, ушул эки жылдын ичинде жашы жете электердин кылмыштардагы үлүшү азайган: мүлктүк кылмыштар – 63%дан 56%га; адам өлтүрүүлөрдүн саны 13төн 11ге түшкөн; хулиганчылык, тескерисинче, 130 учурдан 145ке же 10% көбөйгөн; 14%га сексуалдык кылмыш азайган. Мындай кылмыштуулук абалда дүйнөлүк укуктук практика эмнени сунуштайт? Эл аралык программаларда рецидивизмди алдын ала алууга чоң көңүл бурулган. Кыргызстанда да бул багытта кадамдар жасалган. Маселен, 2007-ж. кабыл алынган «Гуманизация жөнүндө мыйзамга» ылайык, КР Кылмыш жана Жазык-кылмыш кодекстерине өзгөртүүлөрдүн пакети киргизилди. Аларга ылайык, жашы жете электердин арасында абакка отургузуу тууралуу сот чечимдери кыскартылган: 2005-ж. 178ден 2011-ж. 35ке чейин. 2006-ж. баштап жабырлануучуларга компенсация төлөп берүү менен жашы жете электердин токтотулган иштери 700% өскөн. Бул көрсөткүч бүгүнкү күнү да жогору. Учурда социалдык кызматкерлерди даярдоо Кыргызстанда жүргүзүлүүдө. Бирок бул потенциалды өнүктүрүүдө окууну бүтүргөн адистердин бат-бат алмашуусу, агымы тоскоолдук жаратат. Демек, бул жагдай милиция кызматкерлердин, соттордун, прокурорлордун арасында ювеналдык юстициянын актуалдуу эместигин айгинелейт. Кийинки көйгөй – бул ювеналдык юстиция чөйрөсүндө жумушка алуу менен кызматтык өсүүдө так кесиптик критерийлердин жоктугу; мектептердеги, жашаган жерде же түзөөтүүчү мекемелерде социалдык кызматкерлердин, психологтордун кызматтык абалдары, бул нерсе даана көрүнөт. Бир жактан мында даярдалган адистердин жетиш-сиздиги жана маянанын төмөндүгү менен байланыштуу.

Демек бул көйгөйлөрдү чечүү зарыл. Кыргызстандын Улуттук статистикалык комитети 2000-ж. тарта жашы жете электердин кылмыштуулугун чагылдырган маалыматты кеңири басып баштаган, бирок бул көрсүткүчтөр 5 жылда бир жолу гана берилет; бир канча өтө чоң эмес изилдөөлөр өткөрүлгөн, бирок алардын максаты эл аралык уюмдары кызыктырган суроолоруна жооп берүү менен гана чектелген, ал изилдөөлөрдө өтөөчүлүк жактары болгон эмес. Жашы жете электердин кылмыштуулугун алдын ала алуу жана азайтуу үчүн, азыркы мыйзамдардын, саясаттын, программалардын эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн милиция органдарына, прокуратурага, сотко, абакта ж.б. ювеналдык юстиция тутумуна кирген мекемелерде иштегендерге, жашы жете электердин кылмыштуулугу тууралуу так, чыныгы маалыматтар керек. Мындан сырткары, демократиялык өлкөдө коомдук коопсуздук жана жаш муундардын укугу чөйрөсүндө бийлик органдарынын кандай деңгээлде иштегендерин коомчулук билүүгө укуктуу эмеспи.

Мыйзам менен конфликтте болгон өспүрүмдөргө үй-бүлө, мектеп, коомдук ыхтиярдуу топтордун эффективдүү, адилеттүү жана гумандуу мамиле керектелет. Бул багытта Бишкектин муниципалдык башкармалыгына караштуу кароосуз жана көзөмөлсүз калган 3-17 жаштагы кыздар менен эркек балдардын мекемесинде медициналык, психологиялык, социалдык жардам көрсөтүлөт. Мындай мекеме Баткендин жергесинде да жайгашып, оор турмуш абалга кабылган балдарга психолог жана педагог мектептеги сабактардан кийинки мезгилде иш алып барышат. Эл аралык тажрыйбада, кылмышка шектүү жашы жете элек баланы укук коргоо органдары тарабынан 24 саатка чейин гана колго түшүргөнгө, кармоого мүмкүн, ал эми Кыргызстанда - 48 саатка, калган Борбордук Азия мамлекеттеринде болсо - 72 саатка чейин кармалат. Ошол эле учурда Борбордук Азия мамлекеттеринде жашы жете элек бала колго түшүрүлгөндүгү тууралуу тез арада атаэнесине маалымдоо эрежеси мыйзамда көрсөтүлгөн эмес. Маселен, Казакстанда жана Тажикстанда атаэнесине 12 сааттын ичинде; Түркмөнстанда - «жакынкы мезгилде» кабарлоо керек деп жазылган (Караңыз: Казахстандын (138-б.), Тажикстандын (100, 1- б.) жана

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Түркмөнстандын (141, 2-б.). Жазык-кылмыш кодекстери). Ошентип, өлкөбүздө жашы жете электердин арасында кылмыштуулуктун алдын ала алуусуна, азайтуусуна позитивдүү дүйнөлүк укуктук тажрыйбаны эске алуу мүмкүнчүлүгү бар, аны колдонуу атайын иликтөөлөрдү талап кылат, бирок шексиз нерсе – ювеналдык юстицияда көйгөйлөрдү чечүүгө убакыт жетти, себеби жаштар - коомдун келечеги.

**Адабияттар:**


1. Конвенция о правах ребенка. Принята резолюцией 44- 25 Генеральной Ассамблеи ООН 20 ноября 1989 г.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы.27-июнь 2010.
3. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жазык кодекси, 18-сентябрь 1997-ж. (02.03.2017-ж. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен).
4. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жазык процессуалдык кодекси, 30-июнь 1999-ж. №63 (10.02.2017-ж. өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен).
5. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси, 12-окт. 2009.
6. Кодекс Кыргызской Республики о детях.
7. Кыргыз Республикасынын жарандарынын Саламаттыгын сактоо жөнүндөгү мыйзамы, 28-декабрь 2006-ж.
8. «Кыргыз Республикасындагы социалдык-экономикалык абал, январь-октябрь 2011-ж.: Ай сайын чыгуучу басылма» (кыргыз жана орус тилдеринде), Улуттук Статистикалык комитет. - Бишкек, 2011.
9. Ногойбаев Б.Б. Ювенальный правовой режим криминального цикла: уч. пос. для студ. обуч. по спец. Юриспруденция. - Б., 2015. - С. 273.
10. Доннелл Д.О.. Правосудие в отношении несовершеннолетних в странах Центральной Азии: достижения и проблемы в ходе реформ в Казахстане, Кыргызстане, Таджикистане, Туркменистане и Узбекистане. Отчет Регионального отделения ЮНИСЕФ по странам Центральной и Восточной Европы и СНГ, Апрель 2012 года.
11. Кыргызстандагы жаштар жана мамлекеттик саясат. - Б., 2012.
12. Кыргызстан: сот системасын реформалоодогу кыйынчылыктар. - Азия боюнча доклад №150, Эл аралык кризистик топ, 10-апрель, 2008.
13. Жаштар, Жумуш жана Тынчтыкты жайылтуу: Ош жана Жалал-Абад облустарында 15-28 курактагы жаштар арасында билимди, мамилелерди жана тажрыйбаны изилдөө, Кыргызстан, 2011», ЮНИСЕФ, 2011.
14. Оливер Д., Акинс К. Жаштарды баалоо: Кыргыз Республикасы. / Эл аралык жаштар фонду, октябрь, 2010. - 13-б.
15. Кыргызстан: ийгиликтүү жаштар - ийгиликтүү өлкө. БУУнун Өнүктүрүү программасы, Улуттук адам өнүгүүсү боюнча Отчет, 2009-2010.
16. Детский фонд ООН, база данных TransMonEE 2011, Региональное отделение ЮНИСЕФ по странам ЦВЕ и СНГ. - Женева, май 2011 года.